-жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
-административдик-аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт;
-мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;
-билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөөгө ашырат;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде окуучуларды билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;
-класстан тышкары иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
-мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт;
-билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;
-балалыкты коргоо, жашы жетишпегендердин укуктарын жана кызыкчылытарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
-жалпы билим берүү уюмунун каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жана көзөмөлдөйт;
-гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече түрдө жооп берет;
-жалпы билим берүү уюмунун материалдык –техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык-тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;
-жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнө деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат;
-кызматтык милдеттерге, мектептин уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.

7.Окуу бөлүмүнүн башчысы:
-мектептин директорунун сунушу менен окуу бөлүм башчылыгына жогорку билимдүү, эмгек стажы 5 жылдан кем эмес алдынкы деп табылган мугалим дайындалат.
-окуу процессинин окуу программаларынын туура уюштурулушуна жооп берет;
-мугалимдердин чыгармачылык менен сабак өтүүсүнө, окуучулардын билим сапатына жооп берет;
-мугалимдерге методикалык жардам берет, жана аларга иш кагаздары, окуу программалары боюнча жардам берет;
-окуучулардын жумалык сабак өздөштүрүүсү боюнча текшерүүлөрдү өткөрүп, жыйынтык чыгарат, окуу расписаниесин түзөт, жашы жеткен окуучулардын микроучасткадагы окууга тартылышы, чейректеги окуучуладын жетишүүсү катышуусу боюнча отчетторду түзүп, тиешелүү органдарга тапшырат;
-класстык журналдардын туура жана таза толтурулушун көзөмөлдөйт жана жооп берет жана олимпиадалык борбордун иштерин көзөмөлдөйт.

8.Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары:
-класс жетекчилер менен бирдикте окуучуларга тарбиялоо процессинин ишин пландаштырат;
-класстан тышкаркы иштердин планын түзүп анын аткарылышын көзөмөлдөйт;
-класстардын, мектептин залдарын заман талабына ылайык жабдылышына жооп берет;
-тарбиясы оор балдар менен социалдык педагог, ЖӨИ кызматкерлери менен биргеликте профилактикалык иштерди алып барат;